УДК 371.302.2:894.341.

Муратов А.

И.Арабаев атындагы КМУ

# АРСТАНБЕК – АКЫН - ЭТНОПЕДАГОГ

*Бул макалада Арстанбек Буйлаш уулунун ырларында элдин педагогикалык ойлорунун чагылдырылышы тууралуу сөз болот*

Арстанбектин чыгармачылыгы кыргыз элинин тарыхындагы эң бурулуш учурга – Орусиянын басып алуусуна туш келди. Ошол тарыхый окуя «Тар заман» деген ырынын негизги өзөгүн түздү. «Тар замандын» педагогикалык мааниси – бөтөн элдин маданиятын, саясатын кабыл албаган адамдын адептик түшүнүктөрдүн өзгөрүшү тууралуу ой толгоолорун бергендигинде. Орустун келиши менен жаңы мамилелер пайда болуп, адамдардын жүрүш-турушу акырзаманга барат. Мисалы, эми «атасынан баласы кыйын чыгат», «мейилкадыр болом деп, элечегин булгалап, зайып чыгат», «кичи атанын баласы улук болот», «адамзаттын билгени амал болот», «журтта ургаачы көбөйүп, бой азаят», «кыз он бешке чыкканда энесине баш бербей, боюн күүлөйт», «эмки азамат баарысын катын бийлейт», «зайып чыгып, жыйынга чечен болот», «эки агайын бир007 тууган акы алышат», «салам айтса, алик жок», «шарият менен иши жок», «кыз сыйлабайт энесин», кыскасы, «байыркыдан барк кетти, каада-нуска нарк кетти». Мына ушундай руханий кризис орустардын келиши менен пайда болуп, эзелтеден улуттук наркын сактап келген кыргыздар үчүн «устаранын мизиндей оодарылган дүнүйө» менен кездешүү акындын ички дүйнөсүн уйгу-туйгу кылып, акырзаманга мүнөздүү фактыларды саноо менен ошол абалдан кантип чыгуунун жылчыктары көрсөтүлбөйт, бирок мурдатан колдонулуп келген элдик каада-салт, улуттук нарк азыркы кирип аткан жаңы нерселерден өйдө экендиги, элдер мурда азыркыларга караганда ыймандуу болуп келгендиги айтылат.

Арстанбекти акын, төкмө, комузчу ж.б. өнөрлөрдүн ээси катары караганда, анын адамдык бейнесин бир топ тар алкакка кысып таштайбыз, ал коомдук турмушка активдүү катышкан, кыргыз урууларын биримдикке жана ынтымакка чакырган ири коомдук ишмер, элдик дипломат болгон. Баарыбызга белгилүү кыргыз тарыхынын «кара тагы» - сарбагыштар менен бугулардын чабышы, бул окуя эки ири уруунун жок болуп калышына, ал уруштун аягы бүткүл аркалык кыргыздардын согушуна айланып кетишине, а түгүл уруулук конфликттерге анжиандык-алайлык туугандарды да аралаштырууга аз эле жетпей токтогон. Бул кезди мындай айтат:

Элибизден ажырап,
Элик болуп турабыз.
Каптап тузду көтөргөн,
Көлүк болуп турабыз,
Башка чапса былк этпес,
Өлүк болуп турабыз.

Абал ушундай. Кыргыз трагедиясын мындан артык кантип, ким айтып берет? Мына ошол алааматты оодуктап калгандардын катарында нускоочу

акын Арстанбек да бар эле, ал Ормон хан өлтүрүлгөн соң Төрөгелди тарабынан бугуларга карата канга-кан, өчкө-өч дешип, кылкылдаган көп жигит жоо чапканга камынып турганда Төрөгелдиге мындай деп айткан:

Эрегиштен эр өлөт,
Эрегиштен эр өлсө,
Эрлер өлүп бейажал,
Эл ичинде өчпөс из калат.

Андан ары дагы түздөн-түз Төрөгелди баатырга кайрылып, «жете келип камчы уруп, жетимдин санын көбөйтпө, кара чулгап башына, жесирдин жашын көлдөтпө» десе, Үмөтаалыга болсо:

Оо, Үмөтаалы, чырагым,
Башы бүтүн Айда бар,
Атасы өлбөс кайда бар?
Көзү бүтүн Күндө бар,
Көсөмү өлбөс кайда бар?

– деп ааламды, Айды, Күндү айтып, Жердеги көртиричиликтен өйдө болууга, кечиримдүү болууга чакырып, ортодо караламан калк кырылып кетерин түшүндүрүп, акылмандык милдетин аткарып, даанышман акын атыккан. Арстанбектин олуялыгы дагы ушунда – ал бугу менен сарыбагыш чабышынын акыры эмнеге алып барарын көрө билген, ошон үчүн ал уруу жакшыларын эпке келүүгө, кектешпөөгө чакырган.

Арстанбектин поэзиясы, өзгөчө, санат-насыят ырлары менен таанышуу менен биз мындан 150 жылдай илгерки кыргыздардын нравалык идеалдары, адам адеби тууралуу түшүнүктөрү тууралуу кабардар болобуз, ошол эле кезде аларды азыркы доордун ыймандык кодекстери менен салыштырууга мүмкүнчүлүк алабыз. Адам коомдун жана тарбиянын таасиринде калыптана тургандыгы анын чыгармачылыгынан жана адамдарды сөз аркылуу тарбиялоого жасаган аракетинен таасын байкалат. «Арстанбектин санат, термелеринде турмуш, тагдыр, өмүр, өлүм мыйзамы, адамдардын жаман, жакшы сапаттары, агайын-тууган, үй-бүлөнүн ынтымагы, жаш уландын, кыз-кыркындын таалим-тарбиясы, журт башкаруучунун инсандык бийиктиги ж.б. ар кырдуу, ар тараптуу маселелер козголот» (Б.Кебекова) [1].

Мына ушундай ырлардын катарында анын «Керээз» деген санат ыры турат, байкоодон бул чыгарма оорунун айынан өзүнүн өлүм менен бет келип калганда дагы бир ырчы Солтобайга айтып калтырган осуяттары сыяктанат. Жаштык менен өлүм алдындагы адамдын абалы контрасттуу көрүнүштөр аркылуу чагылдырылат, мисалы, «кыл муруту жок чакта, кылтылдаган шок чакта» «оюндун эптүүсү», «токойдун тотусу», «бозойдун оттуусу», «жоргонун күлүгү», «токойдун күкүгү», «бозойдун күл чогу» сыяктуу сапаттарда болсо, эми болсо денин кесел чырмаган пенденин абалы – «үнүнүн мукамы кеткен», «өңүнүн нуру кеткен». Философ-педагог акындын башкы айтуучу ою – өмүр бир күн соңуна жетет, «ажалдан күчтүү балбан жок, бул ажал чеченди алган, кары-жашка карабай неченди алган, эшенди алган, кыздарды алган, балдарды алган, келинди алган, ал гана эмес ит төрөсү Кумайыкты, куш төрөсү

Буудайыкты алган. Өлүм келип калганда «баламды коюп мени ал деп атаң турбайт арага», «тогуз ай курсак көтөргөн энең турбайт арага», «алганым деп жан берген аялың турбайт арага», «айткан сөзүң куш болгон досуң түшпөйт арага», «камчы салар жөлөгүң агаң түшпөйт арага»... кыскасы, карындашың, эжең... ар бири саналып отурат, бирок алардын бирөө да сени өлүмдөн арачалап алып кала албайт, адам үчүн өлүмдөн кыйын душман жок. Дал мына ошол өлүм менен бет келген киши «тиш – ырыскы, тил – дөөлөт, тирүүлүгүң – бир дөөлөт», «башың барда мал дөөлөт», «бар болгонуң зор дөөлөт» экендигин билип, дүйнөлүк гуманисттик ойдун туу чокусуна чейин көтөрүлүп, адам өмүрү – ага берилген чоң ырыскы, дөөлөт экендигин белгилеп, ар адамга бир берилген өмүрдү татыктуу өткөрө билүү керектигин ибараттайт.

Бул дүнүйө жалганда,
Өлбөй тирүү ким калар.
Арманың ичте мол калар,
Айтылбаган сөз калар,
Айрылбаган бөз калар.
Ачылбаган сыр калар,
Арстанбектен ыр калар,
Асмандагы ай калар,
Күлүп-жайнап күн калар,
Ай караңгы түн калар,
Касиеттүү көл калар,
Түбөлүктүү жер калар,
Түгөнбөгөн кен калар.

Демек, жалгыз Арстанбек өлгөн менен анын артында ыры калат, «айтылбаган сөз калат», Ай калат, Күн калат, түн калат, көл калат, жер калат, кен калат, кыскасы, бир адамдын руху жок болгону менен материалдык дүйнө баягысы баягы бойдон тура берет. Мына ушундай бир күндүк дүйнөдө, өтөр кетер жарыкчылыкта адамдын милдети:

Аз күнчүлүк өмүрдө
Аркы-терки теминип,
Аргымак атың жоорутпа,
Алабарман сөз сүйлөп,
Азамат көөнүн оорутпа.
Жетимге камчы көтөрбө,
Жесирдин отун өчүрбө.
Жалгызга камчы көтөрбө,
Жардынын отун өчүрбө.
Жакының менен жоолашпа,
Өнбөс доону доолашпа.
Сөзү октой жамандан
Жакын жүрбөй оолакта.
Карынын сөзүн капка сал,
Калк оозунда нуска бар ж.б.

Адамдын адамдагы, анын башкаларга калтырып кетер жарыгы Арстанбектин акылы менен айтканда мына ушуларга барып такалат. Ал жолдо бараткан Арстанбек да өмүр-тагдырында «жакшыларга жанашты», «жамандардан адашты», андыктан да анын өмүр көчүнүн акыркы күндөрүндө элге берген отчетунда белгиленгендей, өлүмгө жүзү жарык барат.

Арстанбекти элдик педагог катары көрсөтө турган, башкалардан аттын кашкасындай айырмалап тааныта алган чыгармалары - албетте, «Терме» жана «Санат» деген ырлары. Бул ырлар - өз мезгилинин таалим-тарбиялык энциклопедиясы, адамдарды оң жактарга баштап барууга жол көрсөткөн нускамалар.

«Терме» деген ырында арамдык, адалдык, нарк кеткендик, касчылык, жалгыздык, санаасыздык, канатсыздык, бактысыздык, муңдуулук, акылсыздык, асылдык, жакырдык, бакырдык, бечелдик, эсерлик, кыраакылык,

азаматтык, бекерлик, соргоктук, баатырлык, ыймансыздык, кыйбастык, безерлик, эсендик, уяттуулук, кажыбастык, жетесиздик ж.б. толгон-токой түшүнүктөрдүн адептик чоо-жайын поэтикалык формада айтып берет. Бул - педагогикалык түшүнүктөрдүн өзүнчө эле бир түшүндүрмө сөздүгү, дүйнөлүк маданиятта эң сейрек учурай турган, ошол эле кезде адам акылына эң эле таасирдүү жеткирлүүчү тарбиялык булактардын бири деп айтууга негиз бере турган кайталангыс көрүнүштөрдөн. Мисалы, Арстанбектин педагогикалык жана адабий интерпретациясында айрым бир адамдардын тибинин этикалык критерийлери:

*Ызаттуу келиндин белгиси:*
Артын салып чыкпаган,
Карыны көрсө ийменип,
Чыгдан жакка ыктаган.
*Кыз баланын белгиси:*
Кызыл-тазыл кийинген,
Мажүрүм талдай ийилген.
*Азаптуу ата белгиси:*
Артында бала калбаса,
Атакелеп ыйларга,
Аза күтүп сыйларга,
Асыл жанын кыйнарга.
*Жакырдыктын белгиси:*
Торко тонду кийбеген,
Топ жыйында жүрбөгөн.
*Чечендиктин белгиси:*
Топту жарып сөз айтыш ж.б.

Ошентип отуруп ар кандай адамдык сапаттын, өнөрдүн, жүрүш-туруштун, абстрактуу түшүнүктөрдүн ж.б. нерселердин белгилери санакталып, терилип отуруп, адамдарды ар түрдүү типтерге жана түрлөргө, ыймандык категорияларга бөлүп чыгат, ошолордон сен өзүңдү кайсыларга киргизишиң керек, сенде жакшыдан эмне бар, жамандан эмне бар дегендерди алдыңа жайып салат. Ошолорду танда да, же жакшы бол, же жаман бол дейт. Жакшылыктан азайышы, жамандыктын көбөйүшү – бул акыр замандын белгиси, аны болсо Арстанбектин келбейт көргүсү. Демек, акын үчүн «акыр заман» түшүнүгү – адамдардын ыйманы кетип, абийири ачылышы, «сынчынын кадырынын, ырчынын кадиминин кетиши». Ошол акыр заманды келтирбөө үчүн өзүнчө тосмо койгон «Терме» деген ыры аркылуу Арстанбек акын нравалык тазалык үчүн күрөшүүчү таалимчи, тарбиячы болгондугун жана атуулдук парзын абийир менен аркалагандыгын көрсөтсө, ошол ойду андан башка «Санат» деген ырында дагы да тереңдетет.

Кайратың тоону базса да,
Кашыгың көлдү сузса да,
Оозуңдан чыккан сөзүңө,
Зоо куланып учса да, - деп адамдын бийиктиги, күчтүүлүгү тоону бузууга, кашыгың көлдү сузууга, ооздон чыккан сөзүң зоону кулатууга жетсе да, б.а., фантастикалык кара күчкө жана зоболого жетсең да сен:

Эл менен сен адамсың,
Элден чыксаң жамансың.

Андан ары «кабарың Күнгө, колуң жылдызга жетсе да, жараткандын дүйнөсү бүт колуңа өтсө да», б.а., эч бир адам баласы жете албай турган нерселерге ээ болсоң да, акырында сен баары бир:

Эл менен сен бийиксиң,
Элден чыксаң кийиксиң!

Акындын поэтикалык табылгаларын караңыз, канчалык колдон келбес, мүмкүн эмес нерселерге шарттуу түрдө алып чыгат да, аларыңдын баары элсиз, жамаатсыз эч нерсеге арзыбай тургандыгын айтат. Педагогикадагы жеке адамдын жамааттагы орду, жамааттын күчү деген ошентип Арстанбектин көз карашында өзгөчө мааниге ээ болот. Бул анын өзүнө чейинки кыргыз эл педагогикасы, философиясы ээ болгон тажрыйбанын жаңы доордогу жаңыча жаңырышы деп айтууга татырлык улуу ойлорунун жыйындысы.

Кыргыз турмушу аш-тойлор, дагы башка ар кандай маарекелер, же жөн гана конок болуулар жана конок тосуулар менен тыгыз байланышта өтүп турган жана мына ошол учурлар акын-төкмөлөрдүн, манасчылардын, дастанчылардан, чечендердин, жомокчулардын, санжырачылардын сөзү менен коштолгон. Бала жаш чагынан сөздүн маанисин, күчүн, баа-баркын, наркын ажырата билүүгө тарбиялануга тийиш болгон, ансыз анын эл турмушуна аралашышы, акындар келген жерге барышы кыйын эле. Андыктан да, эң алды менен азыркы тил менен айтканда, балдардын эстетикалык табитин өстүрүү милдети бала тарбиялоо менен шугурланган ар бир инсанга жүктөлгөн. Бала жаштайынан жамакчы менен төкмөнүн айрымасын ажырата билиши керек эле. Бул жагынан Арстанбектин Жеңижок менен учурашуу ыры - кыргыз акындар поэзиясындагы классикалык чыгармалардын бири деп айтууга негиз берүүчү көркөм мурас. Анда бала ырчы Жеңижокко чейинки Эсенаман, Наркүл, Нурмолдо сыяктуу акындардын ырчылык жана адамдык нарк-насилине баа берип, ар биринин, анын ичинде Жеңижоктун да оң жана терс жактарын айтып келип, батасын берип, ырчы болуу үчүн эмнелер керек, кандай даярдыктар зарыл деген маселеге келгенде мындай нерселерди Жеңижоктун үйрөнүшү зарылдыгын баса белгилейт:

Ырчы болсоң, сынчы бол,
Зөөкүрдү чабар камчы бол,
Кургак жерге тамчы бол.
Дүлөйлөргө кулак бол,
Чөлдүү жерге булак бол.
Аргымак минген баатыр бол.
Алсыздарга жакын бол,
Күлүк минген күчтүү бол
Күйдүргөнгө миздүү бол,
Жесирлерге жөлөк бол,
Жетимдерге көмөк бол.

Кыскасы, канкорлорго – касап, калп айтканга – мазак, ууруларга – айгак, ушакчыга – сайгак, бечарага – калка, беделсизге – арка, ашта-тойдо – мырза, акындарга – нуска, кошоматтан – алыс, калыс, устага – балка, баатырга – калка бол деп далай сапаттарды айтып, андан ары мындай болуп өт, андай болуп өт деп келип, соңунда ук дегенге түшөт:

Сынчылардын сынын ук,
Ырчылардын ырын ук,
Жомокчуну издеп ук,
Ушакчыны уктап ук,
Акылманды аңдап ук,
Дудуктарды жаңдап ук,
Чечендердин сөзүн ук,
Көсөмдөрдүн көчүн ук,
Комузчунун күүсүн ук,
Кыякчыны кылдат ук,
Добулбастын доошун ук,
Чоорчуну чордоп ук ж.б

Андан ары темир комузду, жолоочуну, добогерди, манасчыны, кошокчуну, боз балдардын ырын, булбулдун үнүн, кыз баланын сырын ж.б. нерселерди ук деп отурат. Бул Жеңижокко айтылып аткан насааттар жалпы эле кыргыз акындары кандай болушу керектиги, кандай адамдан акын чыгары тууралуу элдик тушүнүктөрдүн терең педагогикалык мааниде жалпыланышы, болочоктогу акынды нравалык-эстетикалык жактан тарбиялоо боюнча элдик окуу китебинин олуттуу барактары сыяктанат. Акын болуш үчүн булар эле эмес ошол акын болуучу адамдын инсаны, адамдык сапаттары да башкача болушу керек. Ага коюлган педагогикалык шарттарды жана талаптарды Жеңижок менен бирге биз да үйрөнүп чыгалы:

Балам, жугумдуу сөздү сүйлөгүн,
Жулунган ырчы көп болот,
Журт ичинде сөз болот.
Ыр кадырын билбеген,
Өйдө-төмөн сүйлөгөн
Жуксузга көңүл бөлбөгүн.

Ушундай насааттар айтылуу менен жыйырмалардагы Жеңижок менен элүүлөргө барып калган Арстанбек акындык өнөрдүн эстетикасын жана акындыктын этикасын узак сабак сөзгө алуу менен, өздөрүнө чейинки элдик ойлорду жалпылап, жыйынтыктап, өз пикирлери менен аларды бекемдеп, анан кийинки муундарга насаат катары өткөрүп берип жатат. Акын үчүн эң биринчи кезекте адам болуу, эл турмушун үйрөнүү, башкалардан үлгү алуу, көркөм сөздүн гүлүн терүү зарылдыгы белгиленет, Жеңижок ошолорду назарга алса гана элдик акын болуп чыгат. Кийин турмуш көрсөткөндөй устат акындын тарбия-таалимин алып, аны көкүрөгүнө сиңдирген Жеңижок «айтышарга теңи жок» улуу акын катары казак-кыргызга таанылат, бул да болсо Арстанбектин тарбиячылык, педагогдук иш-аракетинин практика жүзүндө тууралыгын, турмушка жарамдуулугун тастыктоочу көрүнүш болгондугуна күбө болобуз.

Осмонкул акын:

«Арстанбекти акын деп,
Айтканынын баарысы
Уккан элге акыл деп,
Оозун ачкан далай жан,
Ушунуку макул деп».
«Кийинкиге калганга,
Тарых айтып ырдаган.
Ак-каранын баарысын,
Таанып айтып ырдаган», - деп ырдагандай [2]

Арстанбектин ырлары элге сиңип, «...чыгармалары бүт дээрлик элдин мүлкү болуп, элдин фольклордук казынасына түшкөн» (Тазабек Саманчин)[2], элдик педагогикалык каражат катары кызмат кылган.

Башатында бир акын чыгарса да, кийин ал киши Арстанбектики экендиги унутулуп, элдик болуп калган дидактикалык максаттагы айрым саптарды окуп көрөлү: «Ит төрөсү – Кумайык, куш төрөсү – Буудайык»; «Карынын сөзүн капка сал, калк оозунда нуска бар»; «Тиш – ырыскы, тил – дөөлөт, тирүүлүгүң бир дөөлөт»; «Жакшыга жаман жеткен жок»; «Ушул заман тар заман, азуулууга бар заман»; «Заманың келди жакындап, тайган иттей такымдап»; «Эсиң оосо, эчки бак»; «Көлдүн башын сарт алды, көкүрөктү дарт алды»; «Адам өлсө, ый калат, акылман өлсө, сый калат», «Оту, чөбү жок туруп, малы семиз керме тоо» ж.б.

Акындын тарбиячылыгы, элдик педагог болгондугу мына ушул сыяктуу саптардын жүз кырк жылдай убакыттан бери калк ичинде айтылып келе жаткандыгы, адамдарды оң сапаттарга тарбиялоого кошкон салымы зор экендиги менен түшүндүрүлөт.

**Адабияттар:**

1. Кебекова Б. Кыргыз эл ырчыларынын тарыхынын очерктери: 1-китеп. – Б., 2009. – 348-б.
2. Китепте: Арстанбек. Түзгөн Б.Кебекова. – Б., 1994. – 141-б, 171-б.